| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК<br>МАМЛЕКЕТТИК<br>АДМИНИСТРАЦИЯСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКАЯ РАЙОННАЯ<br>ГОСУДАРСТВЕННАЯ<br>АДМИНИСТРАЦИЯ |
|---|---|---|

# ТЕСКЕМЕ
# РАСПОРЯЖЕНИЯ

_____.____ 2026-жыл № ___ Базар-Коргон шаары.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” №137 Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ашпаратынын 2024-жылдын 24-нюлундагы №173-б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы №29 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2026-2027-жылдарга карата коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасын” жана ага карата Иш-чаралар планынын негизинде коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коррупциянын алдын алуу натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу түрдө ишке ашыруу максатында:

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ №137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында корруцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 27-январындагы №29 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын 2026-2027-жылдарга карата коррупцияга каршы маалыматтык саясаттын мамлекеттик программасы” жана ага карата Иш-чаралар планы кынтыксыз агкарууга алынсын.

2.2025-2030-жылдарга Базар-Коргон районунун аймагында коррупцияга каршы аракетгенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Базар-Коргон районунун аймагындагы мекеме, ишканалар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

-2025-2030-жылдарга Базар-Коргон районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планын аткарууга алышсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

-2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чара пландарынын аткарлышы тууралуу Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясына 2026-жылдан тартып ар квартал сайын маалымат берип турушсун,

4.Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин биринчи орун басары Д.Т.Малабековго, райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси Р.А.Масабировго жүктөлсүн.

Базар-Коргон райондук мамлекеттик
администрациясынын башчысы-аким Т.Р. Эдилов

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Макулдашылды:

Д.Т. Малабеков

А.С.Сансызбаева

Р.А. Масабиров

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН